Окуучуну жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
**Байланыштуу кеп жана сөз өстүрүү 1-4-класстар**
Окуучуну угуу ишмердуулүгүнө ээ кылуу
Окуучуну окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ кылуу

Окуучуну жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу.

Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда күтүлгүүчү натыйжага ээ болуу тууралуу ушул чакан макала аркылуу бардык маселенин башын ачтык деген пикирди, албетте, айта албайбыз. Бул тууралуу өзүнчө изилдөөлөрдү жүргүзүү алдыда деген ойдобуз.

### Колдонулган булактардын тизмеси


1. Башталгыч мектепте «Эне тилин» окутуу боюнча (1-4-класс) предметтик куррикулум.- Бишкек, 2010
2. Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. –Б.: 1996
3. Башталгыч класстардын программасы. Б.: 2013. Билим басма борбору. – 47б.
4. Сартбаев К., Рысбекова Б. Башталгыч класстын окуучуларын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Ф.: «Мектеп», 1967
5. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924
6. Нааматов С. Алиппе. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931, -66б.
7. К.Бакеев Зат атооч жана аны окутуунун методикасы. Ф.: 1958.
8. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстардын кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.: 1978
9. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлгүүчү натыйжалар. 1-4-кл. Түзүүчүлөр: А.Акунова, Б.Чокошева, Р.Шакиров. –Б.: 2012. -82б.
10. Мусаева В.И. Алиппеге кадам. Окуу куралы. 5-7жаштагы мектепке чейинки курактагы бөбөктөр үчүн “Алиппе” Б.: ОсОО “Принт-экспресс”, 2018. – 138б.
11. Мусаева В.И. Тап-тап табышмак. Окуу куралы. Б.: 2016. Полиграфбумресурс
12. Мусаева В.И. Кыргыз элинин макал-лакаптары.Кыргызские народные пословицы и поговорки. Б.: Оптима технолоджис.2017. -102б.
13. Мусаева В.И. Балдар риторикасы. Окуу куралы. Б.: Билим, 486б.
14. Мусаева В.И. Жазуу маданиятын окутуунун теориясы менен методикасы. Окуу-методикалык курал. Б.: Билим, 2018. -475б. Мусаева В.И. Кеп маданияты: теориясы менен практикасы. Б.: Билим, 2018. -232б.
15. Мусаева В.И. Кенже курактагы окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу аттуу окуу дисциплинасы боюнча типтүү программа –Б.: 2019,-27б.
16. Мусаева В.И., Бейшеев Т. Педагогика алистигиндеги студенттердин кыргызча кебин байытууда сөздүк менен иштөөнүн методикасы. Монография. –Б.: Билим, 2019. -135б.
17. Мусаева В.И Кеп маданияты жана стилистика. Окуу-методикалык курал. –Б.: Билим, 2020. -214б.
18. Мусаева В.И Көркөм окуунун практикуму боюнча сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы. Окуу-методикалык курал. –Б.: Билим, 2019. -114б.



УДК 371.3:494.3:894. 341
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-198-203



**Мусаева В.И., Жоомарт кызы Айтолкун, Каныбек кызы Жанара, Пазылбек кызы Элмира, Исмаилбекова Гүлзуура**
И.Арабаев атындагы КМУнун профессору, п.и.д.
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин магистранттары
**Мусаева В.И., Жоомарт кызы Айтолкун, Каныбек кызы Жанара, Пазылбек кызы Элмира, Исмаилбекова Гүлзуура**
профессор, к.п.н КГУ им. И. Арабаева,

Магистранты факультта педагогики КГУ им. И Арабаева
**Musaeva V.I., Joomart kyzy Aitolkun, Kanybek kyzy Janara,**
**Pazylbek kyzy Elmira, Ismailbekova gulzuura**
Professor, Ph.D. KSU named after I. Arabaev,
Undergraduates of the Faculty of Pedagogy of KSU named after And Arabaeva

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## ПРИНЦИПЫ И МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

## PRINCIPLES AND METHODS OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN INITIAL CLASSES

**Аннотация:** макалада башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы дидактикалык принциптер жана методдор тууралуу сөз болду. Атап айтканда, тил менен ой жүгүртүүнүн биримдиги, кептик, дүйнө таануучулук, эстетикалык, системалуулук, практикалык принциптер жана ошондой эле, төмөнкүдөй методдор тууралуу сөз болду. Алар: интерактивдүү окутуу методу, кунт коюп, түшүнүп окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган методдор, жазуу кебин же жазуу маданиятын өнүктүрүүчү методдор, байкоо жана салыштыруу методу, окуучулардын изилдөөчүлүк-ишмердүүлүк методдору, кабарлашып окутуу методу.

**Аннотация:** В статье рассматриваются общие вопросы принципы и методы обучения кыргызского языка в начальных классах. Например: принципы как взаимосвязь языка и мышление, речевой, эстетический, системность, практические принципы. А также методы обучения как интерактивный метод, метод чтения, метод культура письма, метод наблюдение и сравнение, метод исследовательской деятельность.

**Annotation:** The article discusses general issues of the principles and methods of teaching the Kyrgyz language in elementary grades. For example: principles as the relationship of language and thinking, speech, aesthetic, systemicity, practical principles. As well as teaching methods as an interactive method, a reading method, a culture method of writing, a method of observation and comparison, a method of research.

**Негизги сөздөр:** кыргыз тили, окутуунун принциптери, тил менен ой жүгүртүүнүн биримдиги, кептик, дүйнө таануучулук, эстетикалык, системалуулук, практикалык принциптер, интерактивдүү окутуу методу, кунт коюп, түшүнүп окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүчү методдор, жазуу кебин же жазуу маданиятын өнүктүрүүчү методдор, байкоо жана салыштыруу методу, окуучулардын изилдөөчүлүк-ишмердүүлүк методдору, кабарлашып окутуу методу.

**Ключевые слова:** кыргызский язык, принципы обучения, взаимосвязь языка и мышление, речевой, эстетический, системность, практические принципы, методы обучения, интерактивный метод, метод чтения, метод культура письма, метод наблюдение и сравнение, метод исследовательской деятельность.

**Keywords:** principles of teaching, speech, aesthetic, systematicity, practical interactive method, reading method, writing culture method, observation and comparison method, research activity method.

Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуу процесси баталгыч класстарда кыргыз тилинен билим берүүнүн мамлекеттик стандарты [1;2] жана ага ылайык түзүлгөн окуу программасынын [3] жол-жоболорун жетекчиликке алуу менен ишке ашырылаары, албетте, айдан ачык маселе.

Буга кошумча дагы башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун дидактикалык принциптери тууралуу да ар дайым, ар убакта айтылып, жазылып келет. Анткени бул маселе окутуу процессинин негизги өзөгүн түзүп, кызыл сызык болуп турат десек болот. Биз буга

чейин дагы айрыкча, башталгыч класстар үчүн мүнөздүү болгон окутуунун жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден ооргo, жеткиликтүүлүк, илимийлүүлүк, системалуулук, ырааттуулук, теория менен практиканын байланышы, көрсөтмөлүүлүк, бекем, чың билим берүү, окуучуга жекече мамиле жасоо принциптери тууралуу учкай сөз болуп келген. Булар, албетте, жалпы дидактикалык принциптер катары окутулат. Ошондой эле эне тилин өздөштүрүүнүн таанылган мыйзам ченемдүүлүктөрүнөн келип чыккан спецификалык-предметтик принциптер тууралуу да окумуштуулар тарабынан эскерилип келет. Алар кайсылар:

- ❖ Эне тилин урматтоо менен аны терең өздөштүрүү принциби;
- ❖ Тил менен ой жүгүртүүнүн биримдигине таянуу принциби;
- ❖ Окуучулардын кеп практикасына, тексттин теориясына карай өнүгүү принциби;
- ❖ Тилдик маанилерди окутууда алардын интеграцияланышынын жана дифференцияланышынын биримдиги принциби ж.б.

Ошону менен бирге эле, коммуниктивдик-ишмердүүлүк мамилесин ишке ашырууну камсыз кылуучу окуу каражаттарын тандоо принциптери [20;21;22] да бар. Аларга мисалы:

**Дүйнө таануучулук принцибинде** – тил жана анын функциялары, алардын пайда болуусу, тарыхый өнүгүүсү, тилдердин системалуулугу жана көп түрдүүлүгү, кыргыз тилинин учурдагы ээлеген орду, кыргыз адабий тили жана анын коомдук турмуштун бардык тармагында пайдаланылышы, тил жана жазуу жөнүндө окуучулардын илимий элестөөлөрүн өстүрүүнү камсыз кыла турган окуу материалдарын тандоо сунуш кылынат.

**Системалык-функционалдык принцип** – кыргыз тили, кыргыз адабий тили жөнүндө билимди, түшүнүктөрдү, маалыматтарды сактоого жана бере билүүгө, карым-катнашка ылайыкташкан окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү боюнча иштердин теориялык негизин камсыз кылуучу, тактап айтканда, кептин ар кыл типтери жана стилдери боюнча тексттерди окуй жана жаза алууга балдарды үйрөтөт.

**Эстетикалык принцип** – тилдин байлыгын, анын көркөм каражаттарын жана чен-өлчөмдрүн, ошондой эле тилдик каражаттарды окуучулардын эстетикалык табитин калыптандыруу жана өзүнүн кебин өркүндөтүү муктаждыгын калыптандырууга багытталган окуу материалдарын ылгоо сыныш кылынат.

**Предмет аралык принцип** – кыргыз тилин мектеп курсуна кыргыз тилин башка окуу предметтери менен байланыштырууну уюштурууга зарыл болгон окуу материалдарын киргизүү сунушталат.

**Практикалык принцип** – окуучулардын билимдерин кеңейтүүгө жана ошондой эле предметтик жана түйүндүү копметенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган окуу ишмердүүлүгүнүн формаларын жана методдорун тандоону аныктайт ж.б. .

Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун **негизги методдору** [20;21;22] **кайсылар деген суроо туулат.** Эң башкысы, эне тилин окутууда коммуникативдик-ишмердүүлүк мамиле интерактивдүү окутуу аркылуу окуучуларды тынымсыз кептик карым-катнашка тартууну уюштура тургандыгын билүү зарыл. Бул өзгөчө билим берүү процессин уюштурууну жана окууга шарттарды түзүүнү талап кылат. Мындай учурда окуучулар практикалык жана түйүндүү компетенттүүлүккө ээ болууда башка окуучулар жана мугалим менен мамилелешүү процессинде өзүн-өзү, коомду, деги эле дүйнөнү таанып билүүдөгү белгилүү ыкмаларынын системасына ээ болот жана жекече өнүгүүсүн (троекториясын) конструкциялайт. Интерактивдүү окутуу бардык билим берүү чөйрөсү сыяктуу (көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуу мейкиндигин атайын уюштуруу) ошондой эле түздөн-түз колдонулуучу методдор менен коштолот.

Сунуш кылынган методдордун классификациясынын негизинде окуучулардын предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүгүн калыптандырууну камсыз кылуучу окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн мүнөзү жатат.

- Интерактивдүү окутуу методу
- Кунт коюп, түшүнүп окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган методдор.
- Жазуу кебин же жазуу маданиятын өнүктүрүүчү методдор.
- Байкоо жана салыштыруу методу.

- Окуучулардын изилдөөчүлүк – ишмердүүлүк методдору.
- Кабарлашып окутуу методу.

Кунт коюп, түшүнүп окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган методдор. Бул методдор окуу процессине бардык окуучуларды тартууга жардам берет жана тексттер менен иштөөнүн жаңы мамилелерин билдирет. Үйрөнүлүп жаткан тема боюнча окуучулардын кызыгууларын арттырып, ой жүгүртүү ишмердүүлүктөрүн активдештирет. Кептик, тилдик-коммуникативдик жана маданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт.

**Интерактивдүү окутуу методу** окуучулардын өзүн эркин сезүүсүнө шарт түзүп, шыктандыруу менен уялбай сүйлөөгө багыттайт. Ар бир окуучу өз жөндөмүн, билимин, көрөңгөсүн көрсөтүүгө умтулат. Жекече, жуп менен жана топ менен иштегенге үйрөнөт. Мугалим менен, бири бири менен пикир алышууга көнүгүшөт. Сынчыл ой жүгүртүүлөрү калыптанат. Мугалим акылгөй, багыт берүүчү катары, окуучулар менен кызматташат. Окуучулар өз алдынча идея жаратууга, тапшырма аткарууга машыгышат.

**Кунт коюп, түшүнүп окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган методдорго** төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- ✓ ИНСЕРТ
- ✓ Эки бөлүктүү күндөлүк
- ✓ окугандарын жупта жыйынтыктоо
- ✓ БББК
- ✓ логикалык чынжырлар ж.б.

**Жазуу кебин же жазуу маданиятын өнүктүрүүчү методдор**. Өзүнүн текстин түзүү боюнча окуучуларда өзгөчө терең түшүнүүнү пайда кылып, алардын байкагычтыгын өнүктүрөт. Жазууда өзүнүн жекече көз карашын, манерасын табууга жардам берет. Өзүнүн жекече ойлорун жана тажрыйбаларын урматтоосун өнүктүрөт.

**Жазуу кебин же жазуу маданиятын өнүктүрүүчү методдорго** төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- ✓ РАФТ
- ✓ беш-он мүнөттүк эссе
- ✓ дилбаяндын элементин камтыган баяндама
- ✓ аргументтерштирилген эссе ж.б.

**Байкоо жана салыштыруу методу.** Бул методдор маалыматтарды классификациялаганга, баалаганга, системалаштырганга мүмкүндүк түзөт. Мында графикалык уюштуруулар (атайын чийме, графикалар, тегеректер, таблицалар) окулуп жаткан предметтердин окшоштуктарын же айырмачылыктарын таап көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

**Байкоо жана салыштыруу методуна** төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- ✓ Венндин диаграммасы
- ✓ концептуалдык таблица
- ✓ Т-схемасы
- ✓ категориалдык обзор ж.б.

**Окуучулардын изилдөөчүлүк ишмердүүлүк методдору**. Эне тили сабагында окуучуларды изилдөөчүлүк ишмердүүлүккө тартуу бул – проблеманы коё билүү, маселени чече билүүнүн ыкмаларын аныктоо, ишмердүүлүктүн методдорун тандоо, күтүлүүчү натыйжаны калыптандыруу, өзүн-өзү талдоо жана фактылык натыйжаларды көрсөтө билүү болуп саналат.

**Окуучулардын изилдөөчүлүк ишмердүүлүк методдоруна** төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- ✓ долбоор методу
- ✓ документалдык булактарды изилдөө методу
- ✓ илимий маанилүү маалыматтарды алуу жана жыйноо методу
- ✓ интервью
- ✓ портфолио

- ✓ концептуалдык карта ж.б.

**Кабарлашып окутуу методу**. Бул метод окуучуларга өз ара бири-бири менен маалымат алмашканга, баарлашууга, коюлган милдеттерди чечүү үчүн топто, командада, жамаатта өз ара мамилелешүүнүн көндүмдөрүнө өзүнүн көз карашын аргументтештирүү менен талкууну маданияттуу алып барууга үйрөнүүгө мүмкүндүк түзөт.

**Кабарлашып окутуу методуна** төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- ✓ акыл чабуулу
- ✓ жупта иштөө
- ✓ кичи топто иштөө
- ✓ мозаика
- ✓ талкуунун ар түрдүү түрлөрү
- ✓ биргелешип издөө
- ✓ бурчтар
- ✓ акыркы сөздү мага калтырыңыз,
- ✓ стол ортосундагы ручка ж.б.

Биз бул макалада, окутуунун методдорун учкай гана санап өттүк. Анын ар бирине кенен токтолууга же чечмелөөгө, албетте, макаланын көлөмү жол бербей тургандыгы белгилүү. Бир катар методдор мугалимдин жекече игтеллектуалдык көрөңгөсүн көтөрүү максатында сунушталды десек болот. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методдору тууралуу атайын илимий изилдөөлөрдү жүогүзүүнүн зарылдыгын белгилемекчибиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Башталгыч мектепте «Эне тилин» окутуу боюнча (1-4-класс) предметтик куррикулум.- Бишкек, 2010
2. Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. –Б.: 1996
3. Башталгыч класстардын программасы. Б.: 2013. Билим басма борбору. – 47б.
4. Сартбаев К., Рысбекова Б. Башталгыч класстын окуучуларын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Ф.: «Мектеп», 1967
5. Рысбекова Б., Сартбаев К. Сабат таблицасы.-Фрунзе: Мектеп,1983
6. Рысбекова Б. Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөсү.-Фрунзе: Мектеп,1983
7. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924
8. Нааматов С. Алиппе. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931, -66б.
9. К.Бакеев Зат атооч жана аны окутуунун методикасы. Ф.: 1958.
10. С.Кудайбергенов Сын атооч, сан атооч жана буларды мектепте окутуу. Ф.: 1960. -71б.
11. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстардын кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.: 1978
12. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. 1-4-кл. Түзүүчүлөр: А.Акунова, Б.Чокошева, Р.Шакиров. –Б.: 2012. -82б.
13. Мусаева В.И. Алиппеге кадам. Окуу куралы. 5-7жаштагы мектепке чейинки курактагы бөбөктөр үчүн “Алиппе” Б.: ОсОО “Принт-экспресс”, 2018. – 138б.
14. Мусаева В.И. Тап-тап табышмак. Окуу куралы. Б.: 2016. Полиграфбумресурс
15. Мусаева В.И. Кыргыз элинин макал-лакаптары.Кыргызские народные пословицы и поговорки. Б.: Оптима технолоджис.2017. -102б.
16. Мусаева В.И. Балдар риторикасы. Окуу куралы. Б.: Билим, 486б.
17. Мусаева В.И. Жазуу маданиятын окутуунун теориясы менен методикасы. Окуу-методикалык курал. Б.: Билим, 2018. -475б. Мусаева В.И. Кеп маданияты: теориясы менен практикасы. Б.: Билим, 2018. -232б.
18. Мусаева В.И. Кенже курактагы окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу аттуу окуу дисциплинасы боюнча типтүү программа –Б.: 2019,-27б.
19. Мусаева В.И., Бейшеев Т. Педагогика алистигиндеги студенттердин кыргызча кебин байытууда сөздүк менен иштөөнүн методикасы. Монография. –Б.: Билим, 2019. -135б.

20. Мусаева В.И Кеп маданияты жана стилистика. Окуу-методикалык курал. –Б.: Билим, 2020. -214б.
21. Мусаева В.И Көркөм окуунун практикуму боюнча сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы. Окуу-методикалык курал. –Б.: Билим, 2019. -114б.
22. Мусаева, В.И. Т.А. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар.Кыргыз тили.5-9-кл. USAIDдин “Сапаттуу билим” долбоору. – Б.: “Билим”, 2012. – 96б.
23. Саалаев, Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: «Нуска АС» басма борбору, 2007. – 169б.

УДК 796.011.5
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-203-207

**Ибрагимова Н.Э.**
И. Арабаев атындагы КМУнун дене-тарбия кафедрасынын улук окутуучусу
**Ибрагимова Н.Э.**
старший преподаватель кафедры физического воспитания КГУ им. И.Арабаева
**Ibragimova N.E.**
Senior Lecturer, Department of Physical Education, KSU named after I. Arabaeva

## СПОРТИВНАЯ ЭТИКА И ЭСТЕТИЧЕСКИЕ ПРИНЦИПЫ

## СПОРТТУК ЭТИКА ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРИ

## SPORTS ETHICS AND AESTHETIC PRINCIPLES

**Аннотация:** Бул макалада спорттук этика жана эстетиканын көйгөйлөрү, алардын категориялары менен принциптеринин байланыштары каралган.

**Аннотация:** В данной статье рассмотрены вопросы спортивной этики эстетики. Показана взаимосвязь спорта с эстетическими категориями и принципами.

**Annotation:** This article discusses issues of sports ethics aesthetics. The interrelation of sports with aesthetic categories and principles is shown.

**Негизги сөздөр:** спорт, этика, эстетика, принцип, кодекс.
**Ключевые слова:** спорт, этика, эстетика, принцип, кодекс.
**Keywords**: sport, ethics, aesthetics, principle, code.

Под профессиональной этикой понимают систему принципов, нормы и ценности, регулирующих отношения в сфере определенного вида профессиональной деятельности людей. XX–XXI вв. характеризуется профессионализацией спорта. Профессиональный спорт имеет право на самостоятельное существование. В настоящее время профессиональный спорт занимает доминирующее положение в иерархии этого рода деятельности. Спорт имеет огромное влияние на все сферы общественной жизни, например, экономику, политику и культуру.

Поскольку этика регулирует отношения между субъектами деятельности, то, прежде всего спортивная этика требует от них создавать, поддерживать и укреплять спортивные отношения (в том числе и спортивное поведение), объективно способствующие достижению высших результатов. Она требует уважительного отношения к партнерам, и особенно к зрителям, как к необходимому условию деятельности (всякого рода скандалы и скандальное поведение здесь допускаются в качестве антуража, своего рода рекламы, то есть, опять-таки, условий, способствующих успеху деятельности).

Спортивная этика не допускает обмана между участниками спортивных отношений. Другое дело секреты (технические, технологические и др.), всегда имеющие место в областях высокоэффективной производственной, коммерческой деятельности, отраслью которой является профессиональный спорт, – этика требует и беречь.